**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий- билим берүү өндүрүштүк комплекси**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол № 5**
**“31” 01 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов ________________**
**“4” ____________ 2025-ж.**

**Илим-изилдөө лабораториясы тууралуу ЖОБО**

1. ЖАЛПЫ БӨЛҮК
1.1. Бул Жобо КРнын «Билим берүү жана Илим» мыйзамдарына жана ченемдик актыларына ылайык иштелди.
1.2. Лаборатория ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйругунун негизинде түзүлөт.
1.3. Лаборатория ЖАМУнун илимий структуралык бөлүмү болуп эсептелинет. Лаборатория бир нече багыттарда түзүлүшү мүмкүн. Лабораториянын ишине илимий иштер боюнча проректор көзөмөл кылат.
1.4. Лабораториянын кызматкерлеринин жумуш шарттары, эмгек келишимдер-дин ошондой эле ички эрежелердин жана башка актылар аркылуу аныкталат.
1.5. Бул Жобо жана бардык ага кошумчалар, өзгөртүүлөр Окумуштуулар кеңешинде жактырылып сунушталат.
1.6. Лабораторияга тиешелүү иш кагаздарды лабораториянын кызматкерлери, ЖАМУнун жетекчилери же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү карап чыгууга милдеттүү.
2. Лабораториянын негизги маселелери жана иш– аракеттери 2.1. Лабораториянын негизги маселелери төмөнкүлөр болуп саналат:
2.1.1. Фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү.
2.1.2. Лаборатория илимий–изилдөө ишмердүүлүгүнүн багыты боюнча факультеттер жана башка структуралык бөлүмдөр аспиранттар, докторанттар, магистранттар, магистрлер жана окутуучулар менен биргеликте иш алып барат.
2.1.3. Илимий–изилдөө иштеринин натыйжаларын окуу процессин интеграциялоо, ишмердүүлүктү билим берүү сапатын жогорулатуу, жакшыртуу максатын жана илим изилдөөнүн сапатын жогорулатуу багытта жүргүзүү.
2.1.4. Адистиги боюнча кызматкерлердин илимий– педагогикалык квалификациясын жогорулатуу. 2.1.5. Эл аралык илимий ишмердүүлүктү өстүрүү
2.1.6. Илимий–изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын таратуу жана жайылтуу.
2.2. Лаборатория илимий маселелерге ылайык төмөндөгү иш аракеттерди жүргүзөт:
2.2.1. Илимий иштерди уюштуруу жана аткаруу.
2.2.2. Илимий иштерди багыттар боюнча жүргүзүүнү, интеллектуалдык менчикти өнүктүрүүнү (патент, пайдалуу түзүлүштөр, товардык белги ж.б.) факультеттер жана структуралык бөлүмдөр менен бирдикте ишке ашыруу.
2.2.3. Илимий жана илимий–педагогикалык кадрларды даярдоо, алардын квалификациясын жогорулатуу. Окуу программаларын иштеп чыгуу, экспертизадан өткөрүү.
2.2.4. Эл аралык кызматташууну - Эл аралык илимий программалар жана долбоорго катышуунун ар кандай формалары аркылуу ишке ашыруу.

2.2.5. Илимий конференция, семинар, симпозиум жана башка иш чараларды өткөрүү.
2.2.6. Илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыгын чагылдыруучу илимий докладдарды, макалаларды, окуу колдонмолорду даярдоо.
3. Лабораторияны финансылоо жана жабдыктар менен камсыздоо
3.1. Лабораторияны финансылоо атайын түзүлгөн келишимдердин нагизинде ЖАМУ, КРнын билим берүү жана илим министрлиги, КРнын Өкмөтү жана жеке адамдар аркылуу жүргүзүлөт.
3.2. Финансылоо түзүлгөн сметанын негизинде ишке ашырылат.
3.3. Смета боюнча алынган каражаттар түздөн–түз максаттуу колдонулууга тийиш.
3.4. Лабораториянын ачылуусуна кеткен чыгымдар, белгиленген тартипте түзүлгөн документтин негизинде аныкталат.
3.5. Лабораторияда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү келишим боюнча чыгымдардын сметасынын чегинде жүргүзүлөт.
3.6. Лабораторияны жабдыктары илим–изилдөө максатта гана колдонулат.
3.7. Лабораториянын башчысы мүлктүн сакталышына жана максаттуу колдонулушуна жооптуу.
4. Уюштуруу иштери
4.1.Лабораториянын стуруктурасын жана штаттык жадыбалын жетекчинин сунушу боюнча проректордун макулдашуусу менен ректор бекитет.
4.2.Лаборатория башчысын проректордун макулдашуусу менен ректор бошотот.
4.3.Лаборатория башчысы:
4.3.1. Лабораторияга аткарууга жүктөлгөн иш аракеттерди ишмердүүлүктү жүргүзөт.
4.3.2. Лабораториянын ишмердүүлүгүндө КРнын мыйзамдарынын, ченемдик актыларынын сакталышын камсыздайт.
4.3.3. Лабораториянын илимий ишмердүүлүгүн жана илимий иштердин планын аларды аткарууну проректор менен биргеликте аныктайт.
4.3.4. Лабораториянын ишмердүүлүгү боюнча каржы жана материалдык-техникалык камсыз кылуу маселелерин чечет.
4.3.5. Лаборатория кызматкерлеринин жарандык укуктук келишимин түзүү (мамлекеттик жана жеке келишим) милдеттенмелерин камсыз кылат.
4.3.6. Лабораториянын айрым кызматкерлеринин мүчөлүктөн бошотуу же жаңы кызматкерлерди мүчөлүккө кабыл алууну сунуштайт.
4.3.7. Лабораторияда кызматкерлердин милдеттерин аныктайт жана бекитет.
4.3.8. Лабораторияга бөлүнгөн акча каражатынын, кеткен чыгымдардын эсебин жүргүзөт жана Окумуштуулар кенешине отчет берет.
4.3.9. Лабораториянын маалыматтарын жаңылайт жана интернет булактарына жайгаштырат. 4.3.10. Белгиленген тартипке ылайык иш кагаздарды жүргүзөт.
4.3.11. Лабораторияда техникалык жана башка коопсуздуктардын сакталышын камсыздайт.
4.3.12. Лабораториянын ишмердүүлүгүнүн келечектүү багыттарын аныктайт.
4.3.13. Белгиленген тартипте лабораториянын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы тууралуу отчет тапшырат.
5. Лабораторияны кайра түзүү жана жокко чыгаруу
5.1. Лабораторияны өзгөртүп түзүү жана жоюу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимине ылайык жүргүзүлөт.
5.2. Ректордун буйругу менен бекитилет.